*Сарбагышова А.Э., Ырыскелдиева А.К.*

# ЖЕР – АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ӨНДҮРҮШТҮН НЕГИЗГИ КАРАЖАТЫ

***Аннотация:*** *Кыргыз Республикасында жер маанилүү өндүргүч күч болуп саналат, айыл чарбасынын өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.*

Айыл чарба өндүрүшүнүн эң баалуу жана түбөлүктүү ресурсу жер болуп саналат. Сарамжалдуу колдонууда ал башка негизги фонддор өңдүү жешилбейт, тескерисинче, жакшырат.

Жер деп кургактын эң үстүңкү, көбүрөөк активдүү бөлүгүнүн, топурактын өз алдынча тилкелерин түшүнүшөт, алар жерлердин арналышы менен колдонууну, ошондой эле аларды коргоо менен маданиятташтыруу боюнча иш-чараларды аныкташкан мүнөздүү табияттык-чарбалык сапаттарга ээ айыл чарбасынын негизги өндүрүш каражаты болуп саналат. Жерди татаал табияттык-чарбалык комплекс катары аныктоодо, топурак анын өнүгүүсүнүн маңызы менен касиеттерин, негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн кошо, көбүрөөк толук билдирүүчү негизги курамдык бөлүк катары каралат.

**Жер фонду** табияттык өзгөчөлүктөрдүн чоң ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Негизинен өлкөнүн айдоолору тобокелдүү дыйканчылык райондорунан орун алган. Мунун баары бул жагдайды аны колдонуунун майнаптуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда эсепке алуу зарылдыгын аныктайт. Кийинкилер дыйканчылык жүргүзүүнүн илимий негизделген тутуму формасында чагылуу табышат. Ал аймактык шарттарга колдонмолуу агроклиматтык, биологиялык, техникалык, уюштуруучулук-экономикалык жана социалдык факторлордун бүткүл комплексин өз ара байланыштуу эсепке алууга негизделет.

Кыргызстандын жер фондусун классификациялоонун негизги таксономиялык бирдиктери – бул өлкөнүн жер фондун табияттык-айыл чарбалык райондоштуруу жараянында бөлүнгөн жердин аймактык типтери, жарамдуулук категориялары жана класстары. Ар бир аймактык типтин алкагындагы класстын мүнөздөмөсү жердин түрлөрү же топурактын тайпалары менен чагылтырылат.

Жердин жарамдуулук категорияларын алардын түзүлүүсү менен өнүгүүсүнүн негизги стадиялары боюнча жердин салыштырмалуу курагына жана негизги айыл чарбалык арналышына ылайык бөлүштүрүшөт. Жер фондунун аракеттеги классификациясы жарамдуулуктун төмөнкү категорияларын бөлүүнү караштырат:

I – айдоого жарамдуу жерлер;

II – көбүнчө чөп чабындыга жарамдуу жерлер;

III–жайыт жерлер, жакшыртуудан соң башка айыл чарба ээликтерине жарамдуу боло алышат;

IV – түп тамырынан мелиорациялоодон соң айыл чарба ээликтерине жарамдуу болчу жерлер;

V – айыл чарба ээликтерине жарамдуулугу аз жерлер;

VI – айыл чарба ээликтерине жарамсыз жерлер;

VII – бузулган жерлер.

Жарамдуулук категориясына жыратуу үчүн негиз жердин сапаттык абалы жана аны негизги айыл чарба ээликтерине колдонуу мүмкүндүгү болуп саналат. Айрым учурларда экономикалык жана башка факторлорго жараша жашап турган жерди колдонуу алардын белгиленген жарамдуулугуна ылайык келбеши мүмкүн. Мисалы, айдоого жарамдуу жерлер, эгер алар калктуу пункттарга же мал чарбачылык комплекстерине чукул жайгашкан болсо, көп жылдык жемиш бактарын отургузуу же узак жылдык маданий чөп чабындылар менен жайыттарды түзүү үчүн колдонулаалат.

Айыл чарбасы экономиканын тармагы катары каалаган экономикалык тутумга жана өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин өнүгүүсүнүн каалаган этабына мүнөздүү негизги экономикалык мыйзамдарга баш ийет.

Республиканын жер фондунун жалпы аянтынан айыл чарба ээликтерине 10515,4 миң га тура келет, анынічиндеайдоолор 1203,2 миң га, жайыттар – 9068,7 миң га, чөпчабындылар – 169,3 миң га, кендер – 37,9 миң га жанакөпжылдык бак-дарактар – 36,3 миң га (1-жад.).

Кыргызстандын бардык айыл чарба ээликтери менчик формасына жараша эки чоң топко бөлүнөт:

1-жадыбал

**Кыргыз Республикасынын жер фондунун айыл чарба ээликтеринин түрлөрү боюнча бөлүнүшү (миң га)**

| Айыл чарба ээликтеринин түрлөрү | 1995 | | 2000 | | 2010 | | 2015 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | абс. маан. | % да | абс. маан. | % да | абс. маан. | % да | абс. маан. | % да |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айдоо | 1417,4 | 13,1 | 1367,5 | 12,7 | 1239,1 | 11,5 | 1203,2 | 11,5 |
| Көп жылдык бак-дарактар, бардыгы | 70,6 | 0,7 | 67,1 | 0,6 | 37,4 | 0,4 | 36,3 | 0,3 |
| Кендер | 20,1 | 0,2 | 21,5 | 0,2 | 22,7 | 0,2 | 37,9 | 0,4 |
| Чөп чабындылар | 170,6 | 1,6 | 177,0 | 1,6 | 230,9 | 2,2 | 169,3 | 1,6 |
| Жайыттар | 9111,1 | 84,4 | 9165,2 | 84,9 | 9184,7 | 85,7 | 9068,7 | 86,2 |
| Баардыгы | 10789,8 | 100,0 | 10798,3 | 100,0 | 10714,8 | 100,0 | 10515,4 | 100,0 |

1995, 2000, 2010, 2015-жж. үчүн «Кыргызстан сандарда» Статжыйнагы

- жамааттык-үлүштүк, кооперативдик жана жеке менчикте турган жерлер;
- мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган жерлер.

Айыл чарба ээликтеринин түзүмү жер колдонуунун аймактык өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды болот да, экономикалык райондор боюнча маанилүү айырмалар менен мүнөздөлөт.

Айыл чарба өндүрүшүн туруктуу өнүктүрүүнүн негизги фактору топурактын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, анык айта түзүү болуп саналат. Топуракты калыптандырууда жана туруктуу түшүмдөрдү алууда чоң мааниге гумустун – биологиялык жараяндардын энергетикалык негизи жана өсүмдүктөрдүн өсүүсүнүн табияттык жөнгө салгычы болуп саналган органикалык заттын оң тендеми ээ болот. Чирүүнүн натыйжасында топурактын үстүңкү катмарында түзүлүүчү органикалык заттар, топурактын астыңкы катмарларына, же кыртыш алдына сүңгүшөт. Андан ары үчүнчүкатмар, же энелик порода орун алат, топурактын түзүлүү жараяны мына ошондон башталат.

Гумустун камтылышы менен запастары өсүмдүктөрдү топурактык азот менен жана өсүмдүктөргө жеткиликтүү фосфаттар менен жабдууну камсыздайт, ал топурактын физикалык касиеттерин жөнгө салуунун негизи болуп кызмат кылат. Гумустун камтылышынын 0,2%га көбөйүүсү топурактын тыгыздыгын 0,01 г/см$^3$азайтат, бул дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүнүн бир гектардан 0,6-1,4 ц көбөйүүсүнкамсыздайт. Андан ары, гумусту 0,8%га кошуу өсүмдүктөргө жеткиликтүүнымдын 6-7л на 1м$^2$аянтта 6-7 л көбөйүүсүнөапкелет.

Республиканын жер ресурстарын сарамжалдуу колдонуу үчүн «Жер» мамлекеттик программасы иштелип чыккан, ал жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу менен коргоонун төмөнкү багыттарын караштырат:

- жер реформасын тереңдетүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизинде жер мамилелерин өркүндөтүү;
- көп нуктуу экономиканын жана базар мамилелеринин шарттарында жер колдонуу аймагын түзүү;
- жер ресурстарын колдонууну жана коргоону жакшыртуу боюнча иш-чаралар;
- юридикалык жана физикалык тараптардын Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарын сактоосу максатында жерди колдонуу менен коргоого мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;
- жерге жайгаштыруу боюнча долбоорлук-изилдөөчүлүк иштерди өркүндөтүү;
- жер кадастры менен жерди жана кыймылсыз мүлктү каттоонун бирдиктүү тутумун киргизүү, жер кадастрын өркүндөтүү жана анын негизинде жер жөнүндө маалыматтардын толук банкын түзүү.

**Кыргыз Республикасынын жер фондунун категориялары**

- жер ээликтерин экологиялык паспортизациялоо;
- жер ресурстарын башкаруу тутумун түзүү жана жүргүзүү;
- жерге жайгаштыруучулук, геодезиялык, топурактык, геоботаникалык, картографиялык жана башка долбоорлук-изилдөөчүлүк иштерди илимий-техникалык камсыздоонун деңгээлин жогорулатуу;
- илимди өндүрүш менен интеграциялоо.

Бардык агротехникалык иш-чаралардан талааларды которуштуруп айдоого кесүүнү, талаа коргоочу бак-дарактарды отургузууну, жерлерди шалбаалантууну, таза бууларды, көп жылдык чөптөрдү оронтукташтырууну ж.б.у.с. өзгөчө бөлүү керек. Окумуштуу-аграрчылар эсептешкендей, топурак коргоо комплекси эрозия менен дефляциянын көрүнүү интенсивдүүлүгүнө жараша милдеттүү дифференцияланган болууга тийиш. Ушул учурда гана аны колдонуу экономикалык келечектүү болот. Мисалы, республикада жана региондордо, шамал эрозиясы көп байкалган жерлерде, топуракты ишенимдүү коргоо аны үстүдөгү кыртышты сактоо менен иштетүүдө мүмкүн. Суу эрозиясы интенсивдүү байкалган жерде топурактын жуулушунун алдын алууну айыл чарба өсүмдүктөрүн каналдар түрүндөгү сууну жөнгө салуучу эң жөнөкөй гидрокурулуштарды, атайын агротехникалык ыкмаларды (щелевание, лункование и т.д.) колдонуу менен контурдук жайгаштырууга негизделгениш-чаралар камсыздашат.

Айыл чарба өндүрүшүн туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык факторлорунун тутумунда маанилүү орунду аны интенсификациялоо көйгөйлөрү ээлешет.

Мурунку он жылдыктарда жүргүзүлгөн дыйканчылыкты интенсификациялоо, көбүнчө экономикалык пайда алып келбеген. Интенсификацияны стихиялуу жүзөгө ашыруудан улам келип чыккан топурактын деградациясы, агрохимикаттардын фитотоксикалуулугу жердин өнүмдүүлүгүнүн кыйла төмөндөөсүнө, өндүрүмдүн сапатынын начарлоосуна апкелди. Дан жана башка өсүмдүктөрдүн түшүмдөрүнүн азаюусу орточо болжолдуу үчтөн бирге жетти. Реформанын шарттарында интенсификация деңгээлинин азаюусу, топурактын түшүмдүүлүгүнүн начарлоосу ж.б.у.с. жүрүп жатат.

Өндүрүштүк программаны оптимизациялоо концепциясы жер тилкелерин чарбалардын категориялары боюнча майнаптуу бөлүштүрүүнү гана эмес, өндүрүштүн алмашылгыс фактору катары жер ресурстары менен бардык башка өзгөрүлмө өндүрүштүк факторлордун: эмгек ресурстарынын, эмгек куралдары менен каражаттарынын, каржылык каражаттардын ж.б.у.с. ортосундагы экономикалык майнаптуу жана экологиялык туруктуу карым-катышты камсыздоодо жатат.

**Адабияттар:**


1. Абдымаликов К. А. Экономика Кыргызстана. - Бишкек.: 2010.

2. Джаилов Дж. С. Развитие аграрного сектора в условиях реформирования. – Бишкек.: ЦЭи СР при МФ КР, 2002.

3. Джумалиева Э. Б. Агробизнес: механизм формирования и развития. – Бишкек.: Алтын Тамга, 2004.

4. Жумабаев Ж. Экономическая эффективность сельского хозяйства в переходной экономике. -Бишкек.: 2004.

5. Исраилов М. Проблемы аграрной реформы: Управленческо-информационные аспекты. -Бишкек.: 1997.


***Рецензент: э.и.к., доцент Нуралиева Н.М.***